КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЧҮЙ ОБЛУСУ

ЖАЙЫЛ РАЙОНУ
АК-БАШАТ
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ

ЖАЙЫЛСКИЙ РАЙОН
АК-БАШАТСКИЙ
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

29-август 2025 № 21 Новониколаевка а

**Ак-Башат айыл аймагынын аймагында калктын тынчтыгын жана бейпилдигин камсыз кылуу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын 2024-жыылдын 6-декабрындагы № 194 "Тынчтык жөнүндө" Мыйзамынын талаптарын так аткаруу максатында , Ак-Башат айылдык кенеш **токтом** кылат :

1. Калктын эс алуусун камсыз кылуу максатында тынчтыкты бузуудан корголууга тийиш болгон жайлардын жана аймактардын мөөнөттөрүн белгилөө :

- көп батирлүү үйлөр, мейманканалар, отелдер, жатаканалар жана турак үйлөргө тийиштүү аймактар;

- жеке турак үйлөрдү куруу зоналары;

- билим берүү жана саламаттык сактоо уюмдарынын, ошондой эле социалдык, реабилитациялык, санаториялык-курорттук кызматтарды көрсөтүүчү уюмдардын аймактары жана жайлары;

- жарандарды убактылуу жайгаштыруу жана (же) убактылуу туруусун камсыз кылуу боюнча кызматтарды көрсөтүүчү уюмдардын аймактары жана жайлары.

2. Ушул беренеде белгиленген убакыт аралыгында корголууга тийиш болгон аймактарда жана жайларда жарандардын тынчтыгын жана бейпилдигин бузуучу аракеттерге төмөнкүлөр кирет:

- телевизорлорду, радиокабылдагычтарды жана башка үндү кайталап чыгаруучу түзүлүштөрдү, ошондой эле үн басымынын жана ызы-чуунун жол берилген деңгээлинен ашкан үндү күчөтүүчү түзүлүштөрдү, анын ичинде транспорт каражаттарында, соода объектилеринде (дүкөндөрдө, күркөөлөрдө, павильондордо, лотоктордо), көнүл ачуучу жана оюн-зоок жайларында (түнкү

клубдар, караоке, дискотекалар) жана коомдук тамактануу жайларында (кафелер, ресторандар, барлар, ашканалар) орнотулган түзүлүштөрдү пайдалануу;

- музыкалык аспаптарда ойноо, ышкыруу, ырдоо, ошондой эле үн басымынын жана ызы-чуунун жол берилген деңгээлинен ашкан үн менен коштолгон башка аракеттерди жасоо;

- тартип бузуучулар тарабынан иштетилген күзөт сигнализациясынын, транспорт каражаттарынын сигнализациясынын үн чыгаруусун өчүрүү боюнча өз убагында чара көрбөгөндүк, транспорт каражатынын жардамы менен үн сигналдарын зарыл болбосо да пайдалануу же эс алуу учурунда тынчтыкты бузууга алып келген башка ызы-чуу таасирлерин жаратуу;

- пиротехникалык каражаттарды пайдалануу;

- адамдардын эс алуу учурунда тынчтыгын бузууга алып келген оңдоп-түзөө, жүк түшүрүү-жүктөө (анын ичинде көчүү, эмеректерди жылдыруу), тазалоо жана башка иштердин түрлөрүн жүргүзүү, механикалык каражаттарды жана техникалык түзүлүштөрдү иштетүү;

- белгиленген убакытта корголууга тийиш болгон аймактарда жана жайларда жарандардын тынчтыгын жана бейпилдигин бузууга алып келген башка аракеттер.

3. Төмөнкү убакыт аралыгында үн басымынын жана ызы-чуунун белгиленген деңгээлдеринен ашууга жол берилбейт:

**- жумуш күндөрү - саат 22:00дөн 07:00гө чейин;**

**- дем алыш жана майрам күндөрү - саат 22:00дөн 09:00гө чейин.**

4.Ак-Башат айыл аймагынын аймагындагы бардык салтанаттуу иш-чараларды милдеттүү түрдө бүтүрүү жана ресторандардын жана банкеттик залдардын ишин саат 22-00дөн кечиктирбестен толук токтотуу белгиленсин, өзүнчө жоболор боюнча иштеген атайын бөлүнгөн жана лицензиясы бар концерттик жайларды кошпогондо ( мисалы, башкарылычуу үн өткөрбөйт жана атайын кирүү режими бар жабык сахналык комплекстер).

5.Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө милдети Ак-Башат айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы К.Б. Азаматовго жүктөлсүн.

Айылдык кеңештин төрагасы Рыскулов И.С.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЧҮЙ ОБЛУСУ

ЖАЙЫЛ РАЙОНУ
АК-БАШАТ
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ

ЖАЙЫЛСКИЙ РАЙОН
АК-БАШАТСКИЙ
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

29 августа 2025 №21 с. Новониколаевка

## Об обеспечении тишины и покоя на территории Ак-Башатского айылного аймака

В целях обеспечения неукоснительного соблюдения требований Закона Кыргызской Республики от 6.12.2024 года № 194 «О тишине», Ак-Башатский айылный кенеш **постановляет :**

1. Установить предельные временные рамки к помещениям и территориям, подлежащим защите от нарушения тишины в целях обеспечения отдыха населения :

- многоквартирные дома, гостиницы, отели, общежития и придомовые территории;

- зоны застройки индивидуальными жилыми домами;

- территории и помещения организаций образования и здравоохранения, а также организаций, оказывающих социальные, реабилитационные, санаторно-курортные услуги;

- территории и помещения организаций, оказывающих услуги по временному размещению и (или) обеспечению временного пребывания граждан.

2. К действиям, нарушающим тишину и покой граждан на территориях и в помещениях, подлежащих защите в периоды времени относятся:

- использование телевизоров, радиоприемников и других звуковоспроизводящих устройств, а также устройств звукоусиления, превышающих допустимые уровни звукового давления и шума, в том числе установленных в транспортных средствах, объектах торговли (магазинах, киосках, павильонах, лотках), увеселительных и развлекательных заведениях (ночные клубы, караоке, дискотеки) и помещениях общественного питания (кафе, рестораны, бары, столовые);

- игра на музыкальных инструментах, свист, пение, а также иные действия, сопровождающиеся звуками, превышающими допустимые уровни звукового давления и шума;

- несвоевременное принятие мер нарушителями по отключению звуковых сигналов сработавшей охранной сигнализации, сигнализации транспортных средств, использование звуковых сигналов без необходимости или создание иного шумового эффекта с помощью транспортного средства, повлекшее нарушение тишины во время отдыха;

- использование пиротехнических средств;

- производство ремонтных, разгрузочно-погрузочных (включая переезд, перестановку мебели), уборочных и иных видов работ, действия механических средств и технических устройств, повлекшие нарушение тишины во время отдыха людей;

- иные действия, повлекшие нарушение тишины и покоя граждан на территориях и в помещениях, подлежащих защите в установленное время.

3. Не допускается превышение установленных уровней звукового давления и шума в следующие периоды времени:

**- в будние дни - с 22:00 часов до 07:00 часов;**

**- в выходные и праздничные дни - с 22:00 часов до 09:00 часов.**

4.Установить на территории Ак-Башатского айылного аймака обязательное завершение всех торжественных мероприятий и полное прекращение работы ресторанов, банкетных залов не позднее 22:00 часов, за исключением специально отведённых и лицензируемых концертных площадок, функционирующих по отдельному регламенту (к примеру, закрытых сценических комплексов с контролируемой звукоизоляцией и специальным режимом допуска).

5. Контроль за исполнением данного постановления возложить на главу айыл окмоту Ак-Башатского айылного аймака Азаматову К.Б.

Председатель кенеша И.С.Рыскулов